**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борбору**

714003. Ош шаары,
Водозаборная к. 215/1

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ**
**Центр последипломного и непрерывного медицинского образования**
714003.г.Ош , ул.Водозаборная 215/1

№ 17 « 25 » 12 2023ж Ош шаары

Дирекция отурумунун

**ПРОТОКОЛУ**

Төрайымы: А.К. Жанбаева.
Катчысы: А.А.Токтосунова
Катышкандар:
Ординатура бөлүмүнүн башчысы: К. К. Абдурасулов
Үзгултуксуз медициналык билим берүү
бөлүмүнүн башчысы: Ч.А. Эшбаева
Терапиялык адистиктерине билим берүү
программалар жетекчиси: Ж.Б.Иметова
Хирургиялык адистиктерине билим берүү программалар
бөлүмүнүн окуу иштери боюнча орун басары: Г.А. Кочконбаева
Педиатриялык адистиктеринебилим берүү
программалар жетекчиси:А.Т.Маткасымова
Стоматологиялык адистиктерине билим
берүүпрограммалар жетекчиси: Г.С.Эргешова
Окуу-методикалык кеңештин төрайымы: А.А.Токтосунова
Илимий-иштер төрайымы: Г.Н.Аттокурова
Проф.союз төрагасы: Г.У. Аскаров

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1.** Интерналардын кышкы циклдардын аралык экзамендердин графигин жана комиссиянын курамын түзүү жана бекитүү. Ординаторлордун ОСКЕ экзамендердин графигин жана комиссиянын курамын ар бир адистик боюнча түзүү жана бекитүү.
**2.** Ординаторлордун жана профессордук-окутуучулук курамдын ички жана тышкы академиялык мобилдүүлүгүн уюштуруу.
**3.** ДКжУБББнун стоматология адистиктер программасынын клиникалык насаатчылары, жетекчилери жана ординаторлору менен көрүүсү начар балдар үчүн жаңы жылдык кече өткөрүү менен профилактикалык кароо жүргүзүлдү.
Угулду: А.К. Жанбаева.
Саламатсынарбы! Интерналардын кышкы аралык экзамендердин графиги: Терапиялык жана Педиатриялык циклдагы интерналар 8 январда тапшырат. Ал эми Хирургиялык менен Акушерлик жана гинекологиялык циклдагы интерналар 9 январда тапшырат. Жана кышкы аралык экзамендерди кайра тапшыруусу 12.01. бекитилсин.
Ординаторлордун графиги:

1) Стоматологиялык адистиктиктер 2чи жана 3чу жылдагы ординаторлор 10 январдан баштап 13 январга чейин тапшырат жана Бишкек шаардагы ординаторлор 27 январдан баштап 29 январга чейин тапшырат.

2) Хирургиялык адистиктиктер 1, 2чи жана 3, 4чу жылдагы ординаторлор 15 январдан баштап 17 январга чейин тапшырат.

3) Терапиялык адистиктиктер 1, 2чи жана 3чу жылдагы ординаторлор 18 январдан баштап 20 январга чейин тапшырат.

Комиссиянын курамын түзүп бекитүүгө берилсин.

Интерналарга 22 январдан баштап 25 январга чейин Тестцентрде тест жүргүзүлөт.

Баардык адистиктерден 1чи, 2чи, 3чу жана 4чу жылдагы ординаторлорго 24 январдан баштап 29 январга чейин Тестцентрде тест жүргүзүлөт. Тесттер ар бир адистикке түзүлүп бекитүгө берилсин. Байкоочу тандалып тизмеси бекитилсин. Колдонмолору тиркелет.

Угулду: А.К. Жанбаева.
Урматтуу кесиптештер! Ординаторлордун жана профессордук-окутуучулук курамдын ички жана тышкы академиялык мобилдүүлүгүн уюштуруу боюнча ар бир программа жетекчиси кесиптештер менен макулдашып сунуштарыныздарды бериниздер.

Угулду: Г.С. Эргешова. Урматтуу кесиптештер!
ДКжУБББ стоматология адистиктер программасынын клиникалык насаатчылары,жетекчилери, клиникалык ординаторлордун жардамы менен Ош шаарындагы көзү азиздер жана көрүүсү начар мектеп интернатына барып 105 баланын стоматологиялык ооруларын алдын алуу максатта балдардын ооз көндөйүн профилактикалык кароодон өткөрүштү, ошондой эле ар бир балага ооз көндөй гигиенасы үйрөтүлдү,бирден паста жана щётка белекке берилди.Балдарга жаны жылдык маанай тартылоо максатта жаны жылдык оюн зоок программалар тартууланып ар бир балага аяз ата тарабынан белектер тартууланды,балдардын маанайы көтөрүлүп жүздөрүндө жылмайуу пайда болуп, өткөрүлүп жаткан майрамдык кечеге ыраазычылык билдиришти.

Токтом кылат:

1. Интерналардын кышкы циклдардын аралык экзамендердин графигин жана комиссиянын курамы, тест суроолору бекитилсин, ординаторлордун ОСКЕ экзамендердин графигин жана комиссиянын бекитилсин.
2. Ординаторлордун жана профессордук-окутуучулук курамдын ички жана тышкы академиялык мобилдүүлүгүн уюштуруу боюнча сунуштары берилсин.
3. ДКжУБББнун стоматология адистиктер программасынын клиникалык насаатчылары, жетекчилери жана ординаторлору менен көрүүсү начар балдар үчүн жаңы жылдык кече өткөрүү менен профилактикалык кароо жүргүзүнүн жыйынтыгы.

Төрайымы: ______________ А.К. Жанбаева

Катчысы: ______________ А.А.Токтосунова